БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# Предварительные результаты институциональной аккредитации Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова

**Председатель:** Досалиев Бакытнур Аманович, к.э.н., доцент кафедры “Экономика и менеджмент” АГУПКР им. Ж.Абдрахманова

**Члены комиссии:**

- Исмаилов Бактыбек Искакович,
  д.т.н., профессор, президент ААОПО, заслуженный работник образования КР
- Темиров Бекжан Кайыпбекович, д. ф.–м. н., профессор, КНУ им. Ж. Баласагына, руководитель образовательной программы «Прикладная информатика» института математики и информатики
- Дейдиев Анарсеит Уркунбаевич,
  к.т.н., доцент, зав.кафедрой “Пищевая инженерия”, КТУ “Манас”
- Максутова Максат Ташболотовна, к.т.н., доцент, зав. кафедрой художественного проектирования изделий КРСУ им. Б. Ельцина

**Референт:** Мамбеталиева Светлана Медетбековна,
директор ААОПО, к.т.н.

*17-18 февраля 2026 года*

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ААОПО)**

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯСЫНЫН АЛДЫН АЛА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ**

## 1-СТАНДАРТ. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясаты

**Күчтүү жактары:**

1. И. Раззаков атындагы КМТУнун жогорку академиялык аброю.
2. КМТУ дүйнөлүк **QS** рейтингине кирген.
3. 2024-жылы И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети Кыргыз Республикасынын техникалык билим берүүсүн жана илимин өнүктүрүүгө кошкон чоң салымы үчүн **«Данк» ордени** менен сыйланган.
4. И. Раззаков атындагы КМТУнун алдыңкы эл аралык жана аймактык билим берүү жана илимий тармактарга жана ассоциацияларга (РККТУ, Борбордук Азия университеттеринин ассоциациясы, ШКУ университеттери, Азия университеттеринин ассоциациясы, КМШнын Тармактык университети, Erasmus+, DAAD, IGIP ж.б.) активдүү мүчөлүгү университеттин академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүүгө, илимий кызматташтыкты кеңейтүүгө жана эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт.
5. Жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларынын эл аралык аккредитациядан өтүшү.

**Алсыз жактары:**

1. Студенттик өз алдынча башкаруу органдарынын институционалдык процесстерге тартылуу деңгээли жетишсиз.
2. КМТУнун колледждеринде жана филиалдарында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын киргизүү жетиштүү деңгээлде системалуу жүргүзүлбөй жатат.
3. Сапат менеджментинин системасы сертификатталган эмес.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 01.04үнө чейин студенттик өз алдынча башкаруу органдарынын институционалдык процесстерге катышуусун кеңейтүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү.
2. 2026-жылдын 01.09уна чейин бирдиктүү иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу аркылуу КМТУнун колледждеринде жана филиалдарында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын системалуу түрдө киргизүүнү камсыз кылуу.
3. Бир жыл ичинде билим берүүнүн сапат менеджменти системасын сертификаттоодон өткөрүү.

**1-стандарт эскертүүлөр менен аткарылат.**

## 2-СТАНДАРТ. Адам ресурстарын башкаруу

**Күчтүү жактары:**

1. КМТУда илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону камсыз кылган аспирантура жана докторантура иштейт.
2. КМТУнун Билим берүүнүн сапаты департаментинин ички сапатты камсыз кылуу системасын киргизүү жана өнүктүрүү боюнча системалуу жана натыйжалуу иши өзгөчө белгиленет. Департаменттин ишмердүүлүгү СМЖнын туруктуу иштешин, процесстердин мониторингин жана билим берүү кызматтарынын сапатын үзгүлтүксүз жогорулатууну камсыз кылат.

**Алсыз жактары:**

1. Жаш окутуучуларды жана кызматкерлерди бекемдөөгө багытталган мотивация системасы жана планы жок (эмгек акыны жогорулатуу, аспирантурада жана докторантурада окуу үчүн бюджеттик орундарды бөлүү, чет өлкөдө стажировкадан өтүү, квалификацияны жогорулатуу боюнча акысыз курстар ж.б.).

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 01.09уна чейин жаш окутуучуларды бекемдөө боюнча мотивация системасын жана планын иштеп чыгып, киргизүү. Анда финансылык стимулдар, аспирантура/докторантура үчүн бюджеттик орундар, стажировкалар, квалификацияны акысыз жогорулатуу жана карьералык өсүү чаралары каралып, алардын натыйжалуулугу жыл сайын мониторингден өткөрүлсүн.

**2-стандарт эскертүүлөр менен аткарылат.**

## 3-СТАНДАРТ. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Алсыз жактары:**

1. Айрым түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана филиалдардын материалдык-техникалык камсыздалышынын деңгээли бирдей эмес.
2. Бир катар билим берүү программалары боюнча лабораториялык жана адистештирилген жабдууларды мындан ары да жаңылоо зарылдыгы белгиленет.

**Сунуштар:**

1. Бир жыл ичинде түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана филиалдардын материалдык-техникалык камсыздалышынын деңгээлине комплекстүү талдоо жүргүзүп, андан соң алардын ресурстук камсыздалышын теңдөө боюнча этаптуу планды иштеп чыгуу, анын ичинде муктаждыктарды артыкчылыкка жараша аныктоо, каржылоону бөлүштүрүү жана жүзөгө ашырылып жаткан чаралардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү.
2. Бир жыл ичинде билим берүү стандарттарынын талаптарын, муктаждыктардын мониторингинин жыйынтыктарын жана бюджеттен тышкаркы каржылоо булактарын тартуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен артыкчылыктуу билим берүү программалары боюнча лабораториялык жана адистештирилген жабдууларды модернизациялоонун этаптуу планын иштеп чыгып, ишке ашыруу.

**3-стандарт эскертүүлөр менен аткарылат.**

## 4-СТАНДАРТ. Финансылык ресурстарды башкаруу

**Күчтүү жактары:**

- Каржылоонун көлөмүнүн жана атайын каражаттардын туруктуу өсүшү, ошондой эле бюджеттен тышкаркы булактардын спектринин акырындык менен кеңейиши белгиленет.
- Университет тышкы жана гранттык каржылоону активдүү тартат, билим берүү жана илимий инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган эл аралык жана улуттук долбоорлорду ишке ашырат.
- Билим алуучуларга жана персоналга финансылык жардамды, жеңилдиктерди, материалдык шыктандырууну жана турак жай колдоосун камтыган системалуу социалдык колдоо көрсөтүлөт.

**Алсыз жактары:**

1. Чарбалык келишимдердин жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн көлөмүн кеңейтүүнүн эсебинен киреше базасын диверсификациялоону мындан ары өнүктүрүү талап кылынат.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 01.09уна чейин чарбалык келишимдик ишмердүүлүктү, илимий иштеп чыгууларды коммерциялаштырууну жана кошумча билим берүү кызматтарын кеңейтүүнүн эсебинен киреше базасын диверсификациялоону күчөтүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү.

**4-стандарт эскертүүлөр менен аткарылат.**

## 5-СТАНДАРТ. Илимий ишмердүүлүк

*(жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары үчүн)*

**Күчтүү жактары:**

1. Илимий-изилдөө институттарынын жана илимий борборлордун болушу.
2. Жаңы илимий лабораторияларды модернизациялоого жана ачууга мүмкүндүк берген эл аралык илимий жана билим берүү долбоорлору.
3. Техникалык адистиктер боюнча аспирантуранын жана докторантуранын болушу.
4. РИНЦ илим-метрикалык базасына кирген өзүнүн илимий журналынын болушу.
5. Аймактык **Scopus** борборунун болушу.

**Алсыз жактары:**

1. Айрым билим берүү программалары боюнча илимий-изилдөө активдүүлүгүнүн деңгээли жетишсиз экендиги белгиленет.

2. Айрым билим берүү программаларынын изилдөө лабораторияларынын материалдык-техникалык камсыздалышынын деңгээли жетишсиз экендиги белгиленет.
3. Интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коммерциялаштыруу деңгээли төмөн.

**Сунуштар:**

1. Айрым билим берүү программалары боюнча илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн максаттуу ИИР пландарын иштеп чыгуу, окутуучуларды жана билим алуучуларды илимий долбоорлорго тартуу, жарыялоо активдүүлүгүн кеңейтүү жана гранттык, ошондой эле чарбалык келишимдик изилдөөлөргө катышуу аркылуу күчөтүү.
2. Бир жыл ичинде айрым билим берүү программаларынын изилдөө лабораторияларын алардын муктаждыктарын талдоонун негизинде, бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каржылоо булактарын тартуу, ошондой эле илимий жана өндүрүштүк уюмдар менен өнөктөштүктү өнүктүрүү аркылуу этап-этабы менен жаңылоо жана кошумча жабдуу менен камсыз кылуу.
3. 2026-жылдын 01.09уна чейин интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коммерциялаштыруу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү жана андан ары натыйжаларын өнүктүрүү менен талдоо жүргүзүү.

**5-стандарт эскертүүлөр менен аткарылат.**

# СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылат
2-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылат
3-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылат
4-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылат
5-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылат

# Эксперттик комиссиянын аккредитациялык чечим боюнча долбоору:

**Институционалдык аккредитациянын стандарттарына жана критерийлерине жооп берген жогорку кесиптик билим берүү мекемеси катары И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетин 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо.**

**17–18.02.2026-ж.**